КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУНУН
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП
ТЮПСКОГО РАЙОНА

Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын
XVII–сессиясынын
ТОКТОМУ

2026-жылдын 16-марты **№ 20** Түп айылы

Таштандыларды ташып чыгаруу жыйымдарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодексинин 76-беренесинин 2-пунктуна ылайык, 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2.11.-пунктунун негизинде Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 2026-жылдын 16-мартындагы XVII–сессиясы **токтом кылат:**

1. Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн 2026-жылга салыктык эмес жыймдар төмөнкүдөй бекитилсин:
- юридикалык жактар, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин ар бир кызматкерлерине 1 жылга - 100 сом болуп бекитилсин;
- жеке ишкерлерге ар бир кызматкерлерге 1 жылга - 100 сомдон болуп бекитилсин;
- калктуу конуштардын таштандыларды ташып чыгаруу боюнча жыйымдарды эсептөөнү тапшыруу жана төлөө мөөнөтү учурундагы жылдын 1-апрелине чейин деп белгиленсин;

2. Бул токтомду ишке ашыруу жагы Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.И.Бозгуновго, көзөмөлдөө жагы Түп айылдык кеңешинин бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

3. Токтомду массалык- маалымат каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

Төрага **А.Б.Абдымамбетов**